Мектепке чейинки билим берүү мекемеси - 2310,0 миң.сом.

2. Бюджеттин бош калдыгы 6439,8 миң.сомго атайын эсеп менен бекитилсин:
   Мектепке чейинки билим берүү мекемеси – 2218 – тамак аш - 405,9 миң.сом,
   Турак жай коммуналдык чарба – 2215 – башка чыгымдар – 500,0 миң.сом.
3. 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү № 1 тиркемеге ылайык, киреше булактарынан келип түшүүлөрдүн эсебинен калыптанат. 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын каржылоо каражаты № 2, № 3 тиркемеге ылайык каралсын.

   2023-жылга карата жергиликтүү бюджетке чегерүү нормативи, жалпы мамлекеттик кирешеден келип түшүүсү бекитилсин.
   - Салык агенти төлөөчү киреше салыгы 100% өлчөмүндө айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине;
   - Ыктыярдуу патенттин негизде салык, милдеттүү патенттин негизинде салык, бирдиктүү салык, жөнөкөйлөтүлгөн салык системасы боюнча чекене соодадан салык 100% айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине;
   - Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык (Роялти), стратегиялык пайдалуу кендерди эсепке албаганда 50% өлчөмүндө жергиликтүү талааларды иштетүүдө айыл аймактарынын бюджетине.
   - Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы- кендер иштетилген жер боюнча жергиликтүү бюджетке 7% өлчөмүндө;
   - Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр 20% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке.
4. 2024-2025-жылдары жергиликтүү бюджеттин негизги параметрлеринин болжолу бекитилсин:
   - 2024-жылга киреше жана чыгаша болжолу суммасы 14139,3 миң. сом,
   - 2025-жылга киреше жана чыгаша болжолу суммасы 15776,3 миң.сом.
5. Жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын 2023-жылга карата каржылоо келип түшкөн фактылуу кирешелердин чегинде жүргүзүлүп, аны менен бирге эң биринчи кезекте коргоодо турган беренелер боюнча (айлык акы, соцфондко жиберилүүчү которуулар, тамактануу, коммуналдык тейлөө) каржылоо жүргүзүүлөрү белгиленсин. Чыгашаларды коргоодо турган беренелери штаттык эсептеги вакансияларга жараша жана нормативдик актылардын кабыл алынышы боюнча кыскарып кетиши мүмкүн.
6. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин айланууда туруучу кассалык накта каражаты 2023-жылдын 1-январына карата 30,0 миң сом болуп бекитилсин.
7. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысына 2023-жылы артып калган бош каражаттын эсебинен, божомол боюнча түшкөн кирешенин үстөгүн,